**Стилди аныктоо**

2-вариант

1.

Ошентсе да жаңы үйдү көксөп, жаңжалдашкан ушул балдар — жаңы үй десе ак эткенден так эткен ушул эле балдар — бир мезгилде өздөрү чанган эски үйдөн кеткиси келбей калган учур да болгон. Андай учурлар өмүрдө көп болот экен, кандай гана каргаша аа!..

Кандай арман, кандай арман, кандай арман…

**2-текст**

Америкалык психолог Марш Иган адамзаттын жашоосун жеңилдетүү үчүн ойлоп табылган технологиялар, тескерисинче, аны орду толгус жоготууга учуратып жатат деген пикирде. Мисалы, учурда көпчүлүк адамдар жайкы эс алууга даярданып жатып, бара турган жеринде интернет түйүнү жок болсо, эс алуудан баш тартууга даяр. Ал эми виртуалдык турмушка баш-оту менен кирип кетип, чыныгы турмуштан алыстап бара жаткан балдардын келечеги кандай болот? Мына ушул маселе боюнча балдар психологу Мээрим Мамбетовага кайрылганымда, андан төмөнкүдөй жооп алдым: *“Ошол өспүрүм балдар виртуалдык дүйнөдө өздөрүн баатыр сезишет, ошондой көрүнгүлөрү келет. Ал балдар нормалдуу турмушта тартынышат, уялышат. Виртуалдык дүйнөдө болсо жоопкерчилик жок. Өзүн кандай деп көрсөтсө – өз эрки. Албетте, мунун терс таасири болбой койбойт. Анткени, андайга көнгөн бала, убакыт өткөн сайын жашоо шарттарына калыптана албайт, жашоого керектүү сапаттардан оолак болуп калат. Ал эми компьютердик оюндарга көзкаранды бала ошол оюндагы ташбоордукту, ырайымсыздыкты бул дүйнөгө көчүрөт. Адам өлтүрүү жеңил сезилип калат. Адамдын өмүрүн бир тыйынга дагы баалабай калуу коркунучу бар.”*

*3. Кайсы стилде?*

**Кыргыз Республикасынын**
**Юстиция министрлиги**

Референт-котормочу адистикке бош орунду ээлөө үчүн сынак жарыя-лайт.

Конкурстун мөөнөтү 2016-жылдын 15-майына чейин.

Конкурска тийиштүү иш кагаздары толук даярдалып, төмөнкү дарек-ке жиберилсин.

Бишкек шаары, Жаш Гвардия бульвары, 59.
1-кабат, жалпы бөлүм.

4. Берилген текстти аныкта

Фирмалык бланк

**Коомдук телерадио берүү корпорациясынын башкы директору И. Карыпбековго**

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, белгилүү акын, прозачы жана адабий сынчы, коомдук ишмер, «Даңк» медалынын ээси К. Бобуловдун 80 жылдык мааракесине карата 2016-жылдын 23-сентябрында саат 11-00гө Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында өтүлүүчү иш-чараны массалык маалымдоо каражаты аркылуу тартып, коомчулукка жайылтуу үчүн тийиштүү кызматкерлериңизди жиберүүңүздү сурайм.

Урматтоо менен,

**Төрага** (кол тамгасы) **Э. Эрматов**

**5. Стилди аныкта**

Коронавирустар — өзүнө бир чынжырлуу РНК (рибонуклеин кислотасы) молекуласын камтыган тоголок формадагы микроб. Анын тикен сымал сырткы чели таажыны элестетип турат. Илдет ошол себептен коронавирус деп аталат.

Клеткага кирген вирус анын цитоплазмасында көбөйөт. Алар иммунитетти алсыратып, инфекция менен күрөшүүсүнө тоскоолдук жаратат. Бирок курч респиратордук инфекция (КРВИ) же сасык тумоо сыяктуу бир жумада айыкпайт. Коронавируста типсиз пневмония менен оор-курч респиратордук синдромдун формасы коштогондуктан бейтаптар өлүмгө чейин дуушар болот. Себеби дарт дем алууну кескин кыйындатат.